УДК: 821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.92

Чыйбылова Б.
К. Карасаев атн. БМУ

## АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫНДА АРМАН ЫРЛАРЫНЫН ОРУН АЛЫШЫ

**Аннотация:** Бул макалада кыргыз акындар чыгармачылыгында арман мотивиндеги ырлардын берилиш өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз болот. Арман ырларынын адабиятчылардын эмгектеринде социалдык жана адамдын керт башына байланыштуу айтылган армандар деп бөлүштүрүлүшү жана алардын айырмачылыктары тууралуу мүнөздөмөлөр конкреттештирилген. Акындардын чыгармасында арман ырларын аткарууда салтка таянышы, аны менен бирге чыгармачылыктын жаңы горизонтторуна багыт алышы көрсөтүлгөн жана мисал иретинде Токтогул менен Жеңижоктун, Калык менен Осмонкулдун жекече тагдырына байланыштуу жаралган ырлар талдоого алынган. Алардын чыгармаларында арман мотивинин жекече тагдырына байланыштуу күчтүү,терең берилгендиги аныкталган. Токтогулдун арман жанрындагы ырларынын “Карылык” деп аталган ырына талдоо жүргүзүлгөн. Токтогулдун чыгармачылыгындагы карылык тууралуу философиялык ойлору Осмонкулдун “Карылык” деген ыры менен салыштырылган. Какен Алмазбековдун арман мотивинде жазылган ырларынан “Эненин дастаны”деген ыры кеңири талданып, элдик ырлар менен байланышы иликтенген.

**Түйүндүү сөздөр:** поэзия, жанр, образ, тематика, идеялык-эстетика, анализ, образ куруу, форма, мазмун, фольклор, тилдик каражат, тема, акын, чеберчилик, салт, поззня акындар чыгармачылыгы, акындык салт, өздүк чеберчилик, тематика, жанр, импровизация, поэтика.

Чыйбылова Б.
БГУ имени К. Карасаева

## МЕСТО ПЕСЕН АРМАН В ПОЭЗИИ ПОЭТОВ

**Аннотация:** В данной статье речь пойдет об особенностях передачи песен на мотивы Армана в творчестве кыргызских поэтов. В работах литературоведов конкретизируется классификация сновидений как сновидений, относящихся к социальным и человеческим сновидениям, и их различия. В своем творчестве поэты опираются на традиции исполнения песен Армана, ориентируясь при этом на новые горизонты творчества, и в качестве примеров проанализированы песни, созданные в связи с личными судьбами Токтогула и Жеңижока, Калыка и Осмонкула. В их произведениях обнаруживается сила, глубокая преданность мотиву мечты, связанному с ее индивидуальной судьбой. Проведен анализ стихотворения Токтогула в жанре арман под названием “Старость”. Философские размышления Токтогула о старости в его творчестве сравнивались со стихотворением Осмонкула о старости. Из стихотворений Какена Алмазбекова, написанных на армянский мотив, было подробно проанализировано стихотворение “Дастан матери” и исследована его связь с народными песнями.

**Ключевые слова:** поэзия, жанр, образ, тематика, идейно-эстетика, анализ, построение образа, форма, содержание, фольклор, языковая среда, тема, поэт, искусство, традиция, поэтическая традиция, собственное искусство, тематика, жанр, импровизация, поэтика.

**Chyibylova B.**
**BSU named after K. Karasaev**

# THE PLACE OF ARMAND'S SONGS IN THE POETRY OF POETS

**Abstract:** This article will focus on the peculiarities of the transmission of songs to the motives of Arman in the works of Kyrgyz poets. The works of literary critics concretize the classification of dreams as dreams related to social and human dreams, and their differences. In their work, the poets rely on the traditions of performing Arman's songs, while focusing on new horizons of creativity, and as examples, songs created in connection with the personal destinies of Toktogul and Zhenizhok, Kalyk and Osmonkul are analyzed. Their works reveal strength, deep devotion to the motive of a dream associated with its individual destiny. The analysis of Toktogul's poem in the genre of Arman called "Old Age" is carried out. Toktogul's philosophical reflections on old age in his work were compared with Osmonkul's poem about old age. From the poems of Kaken Almazbekov, written to the Armenian motif, the poem "Dastan of the mother" was analyzed in detail and its connection with folk songs was investigated.

**Keywords:** poetry, genre, image, subject matter, ideological aesthetics, analysis, image construction, form, content, folklore, language environment, theme, poet, art, tradition, creativity of poets Poznyakov, poetic tradition, own art, theme, genre, improvisation, poetics.

Кыргыз акындар чыгармачылыгында арман мотивинде жазылган бир топ ырларды кезиктирүүгө болот. Анткени кыргыз баласынын төрөлгөндөн тарта бул дүйнөдөн кош айтышып кетип жаткан учуруна чейин ыр менен башталып, ыр менен коштолгон. «Адам жан дүйнөсүнүн түйшөлүүсүн, кайгы-капага түшкөн муң-зарлуу учурлардагы ал-ахыбалдарын чагылдырган лирикалык чыгармалардын бир түрү – арман ырлары» [1, 159] адамдын ички сезимдеринин уйгу-туйгулуу, бушайманга түшкөн толгонууларын чагылдырган лириканын өзгөчө түрү катары кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында жанрдык маани-маңызга ээ болуп бүгүнкү күнгө чейин сакталып келүүдө. Арман ырлары адамдын кубанычын, арзуусун, толгонуусун, ар кандай көркөм, жакшы нерсеге куштарлануусун, суктануусун, толкундануусун чагылдырган башка лирикалардан айырмаланып, адамдын ар кандай кайгы-капасын, өкүнүчүн, кусалануусун муңдуу кылып баяндоосу аркылуу берилип, көбүнесе трагедиялуу маанайда ырдалат.

Адабиятчылардын эмгектеринде арман ырлары мазмунуна карата эки чоң топко социалдык жана адамдын керт башына байланыштуу айтылган армандар деп бөлүштүрүлүп келет. Арман ырлары көбүнчө жокчулукка, кедейликке, баласыздыкка, жетимдикке, карылыкка, жалгыздыкка, оору-сыркоого, өлүм-житимге, аялдар теңсиздигине, ашыктыкка карата ырдалып, адамдын жеке турмуш–тиричилиги менен тыгыз байланышкан.

Кандай гана акын болбосун, өзүнүн чыгармасын элдин алдында айтып, аткарып жаткан-да, эн оболу салтка таянат, ага кайрылбай четтеп өтүп кете албайт. Салтка кайрылуу деген бийик тоого таянуу гана эмес, ал -ошону менен бирге, ошол бийиктиктен чыгармачылыктын жаңы горизонтуна багыт алуу. Кыргыз поэзиясында күчтүү өнүккөн арман мотиви ар башка акында

ар башкача көрүнөт. Мунун негизги себеби ар бир акындын жекече тагдырына байланыштуу. Ушул аспектиде Токтогул менен Женижоктун, Калык менен Осмонкулдун жекече акындык тагдырына көз жүгүртсө ар тараптуу. Алардын чыгармаларында да арман мотиви жогорудагыдай себептердин негизинде күчтүү өнүгүп келгендиги талашсыз маселе.

Бул көрүнүш өз себептери менен түшүндүрүлөт. Улуу Токтогулдун жекече адамдык тагдыры Октябрь революциясына чейин өтө татаал кырдаалда өткөнү белгилүү. Акындын поэзиясындагы арман мотиви эң оболу акындын Сибирь мезгилиндеги тагдырына байланыштуу. Кыргыз акыны өмүрүндө укпаган, билбеген жакка айдалышы, жеринен, элинен ажырап, туткунда калганы, ошондой эле сүргүндө жүргөндө энеси, баласы каза болгондугуннан улам жаралган. Сибирь, сүргүн, түрмө акындын жекече трагедиясы болгондуктан, анын арман ырларында жекече турмуштук жагдайлар басымдуулук кылат. Акын мындай учурларда арманын айтып ырга кошот:

Аргымак атта каруу жок,
Акынында наалуу жок.
Айдалып жүрсөм, кыргыздын
Ажыратар алы жок. [2-19-б.]

Адегенде эле айтсак болот, ыр анчалык көлөмдүү эмес, бар болгону 15 сап ыр. Мааниси боюнча эки строфадан турат. Ыр өзүнүн жалпы түзүлүшү боюнча арман жанрынын поэтикалыки өзгөчөлүктөрүн толук сактаган. Аллитерициялык, ассонанстык уйкаштыктар, строфалык параллелизм, салттык “аргымак” менен “адамды” бир катарга коюу-бул арман ырынын туруктуу стереотиптери.

Токтогулдун арман жанрынын классикалык үлгүсүндө жараткан дагы бир чыгармасы “Карылык” деп аталат. Бул чыгарма эң оболу адам өмүрүнүн ар түрдүү кырдаалдарын көз алдыга таасын келирип тартан панорамалуу картина. Дагы кайталап айтууга туура келет, Токтогул өзүнүн бул чыгармасында элдик традицияга дагы бир жолу кайрылат, ошону менен бирге эле өзүнүн залкар акындык күчүн жумшап, арман жанрынын жаңы көркөмдүк мүмкүнчүлүктөрүн ачат. Мына ущундан улам акындын «Карылык» деген ырын элдик жанрдын индивидуалдуу чыгармачылыктагы принципиалдуу трансформациясы деп айтсак болот:

Сайраган булбул тилиңди
Бууйт экен карылык.
Сайгактай болуп өмүрдү
Кууйт экен карылык. [3-102-б.]

Бардык эле карылык жөнүндөгү арман ырларында «адам» менен катар коюлган. Карылык Токтогулдун ырында күтүлбөгөндөй предметтүү, конкреттүү образга айланат, натыйжада көз алдыга алдан тайып, күчтөн кеткен бир бечара карыянын элеси тартыла түшөт.

Арман ырынын жанрдык мүмкүнчүлүгүн акындар кандайча пайдалангандыгын жана кандай түрдө трансформациялаганын байкоо үчүн белгилүү төкмө ырчы Осмонкулдун «Ка-

рылык» деген ырынан байкасак болот. Бул ырды карылык мотивинде жазылган Совет доорундагы эркин импровизация деп эсептейбиз. Себеби айрым учурларда акындын талантынан түздөн-түз келип чыккан «салттуу эмес» эркин импровизация ырдын образдык системасын кубултуп, түрдөнтүп турат:

Балалык кетип башымдан,
Байкасам келди карылык.
Карылыкка бекерге
Кантет элем таарынып.
Кайрылып келбес болгон соң,
Он сегиз менен жыйырма беш.
Экөөнүн бирөө жаңырып,
Ушул жыргал заманда
Оодарылып келсечи... [4-348-б.]

Карылыктын келгенине акын өкүнбөйт, ушунун өзүн эле күтүүсүздүктөй кабыл алууга болот. Элдик ырларда карылыктын келиши кайгы-муңдун, жашоонун эң акыркы чегине жетиши катарында сүрөттөлөт. Ал эми бул жерде болсо, акын кайгырмак турсун, таарынып да койбойт. Бир гана наалыганы: "Ушул жыргал заманда"  он сегиз менен жыйырма беш бир кайрылып келсе дейт, акын жаңы турмушка  "жыргал заманга" бүт  ак дилинен ишенет, анткени жаңы заман ага бүт баарын алып келген. Ошондуктан "Карылык" деген ыр өзүнүн негизинде салттык атрибут толук сактаганы менен өзүнүн мазмуну жана пафосу боюнча жаңы жыргал замандын одасына айланат.  Ушундан улам Осмонкулдун карылык жөнүндөгү ыры салттык стереотиптерди  сактоо менен бирге, мында жаңы мотивдердин орун алганын табийгы көрүнүш катарында эсептөөгө болот.

Улуу акын Токтогул карылык ырына байланыштуу арман жанрынын көркөмдүк мүмкүнчүлүктөрүн философиялык, медитавдик тереңдикке карай өнүктүрсө, Осмонкул жаңы турмуштун түздөн-түз таасири астында арман жанрынын мазмундук пафосун турмуштук жаңы өзгөрүүлөргө карай багыттайт.

Орус окумуштуусу Б. В. Томашевский жанр жөнүндө мындайча пикир айткан: «Жанр - бул бир борборго карай тартылуунун чөйрөсү, айланасына жекече чыгармалар топтолушкан өзүнчө бир чекит. Жанрдын бул абсолюттук тибине көпчүлүк чыгармалар жакындап келип топтолушат, кээ бирлери алыстап да турат. Ошондуктан, конкреттүү чыгарманын бул жанрга жатар-жатпасын аныктоо өтө татаал болот»! [5-502-б.]

Ошентип, орус окумуштуусу Б. В. Томашевскийдин теориясы боюнча жанрдык борборго чыгармалар кээде жакындап топтолушса, кээде чачырап алыстап турат. Ал эми кыргыз окумуштуусу Р.Кыдырбаеванын көз карашында белгилүү бир жанрдын чыгармалары өзүнүн мазмуну боюнча жакын турган башка бир жанрдын түрү катарында да каралышы мүмкүн. Демек, кыргыз поэзиясында арман жанрын белгилүү бир стереотиптер менен чектеп коюуга

болбойт, анын трансформациясы ар турдүү жана кеңири болушу толук мүмкүн.

Дал ушул мааниде кыргыз акындарынын ичинен өзгөчө бөлүнүп турган таланттын дагы бири - Калык Акиев. Ал эң атактуу төкмө акын, Совет доорунда кат-сабатын жоюп, өзүнүн чыгармаларын өзү кагазга түшүргөндөрдөн. Ошентип, Калык Акиев - улуу Токтогул, Алымкул, Осмонкул менен айтышкан, «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Кедейкан» эпосторунун варианттарын жараткан акын-импровизатор, ошондой эле «Күлүсүн», «Ак Мөөр», «Бир асыл», «Карач дөө» сыяктуу поэмаларды жазган жазгыч акын.

Калык Акиев – сөзсүз түрдө улуу импровизатор, оозеки поэзиянын эң бир көрүнүктүү өнүктүрүүчүсү, кыйшаюусуз түрдө анын салтын уланткан акын. Ошол эле учурда - Калык жазма адабияттын кадыресе өкүлү. Жеке түшүнүгүбүздө, ал жазгыч акын жана түрүндө да жана импровизатор бойдон кала берет. Мына ушул ойду акындын 1951- жылы жазыган «Баскан жол» деген проза түрүндөгү автобиографиялык чыгармасы ачык далилден турат.Бул прозалык чыгармада арман ыр кыргыз чындыгын, кыргыз турмушунун нукура картинасын ачык-айрым сүрөттөйт, ошондой эле акындын прозалык баяндамасынын сюжеттик өнүгүшүндө өзүнчө бир даанакерлик, байланыш кызматын аткарат. Так ушунун өзүндө жанрдын трансформациялык кубулушу жатат.

Элдик арман жанрынын акындар поэзиясындагы жаңылыгы, бүтүндөй трансформациясы Калык Акиевдин «Ак Мөөр» поэмасынан эң ачык көрүнөт. «Ак Мөөр» поэмасы - жөн гана реалдуу тарыхый чындыктын, эл оозунда айтылган уламыштардын негизинде гана жаратылган чыгарма эмес, ал ошону менен бирге элдик поэтикалык жанрды, тагыраак айтканда, арман жанрын кескин түрдө жаңылоо, өнүктүрүү натыйжасында келип чыккан өзүнчө бир оригиналдуу көркөм окуя, болгондо да оозеки поэзия менен жазма маданияттын айкалышкан, тоголушкан чекитинен пайда болгон көркөм окуя. Акындар поэзиясынын тарыхында Жеңижоктун адабий мурасы айрыкча мааниге ээ. Поэзиясынын мазмундук терендиги, жанрдык, тематикалык ар түрдүүлүгү, албетте, көркөмдүк артыкчылыгы, эң оболу Жеңижоктун адам катары өзүнүн жашоо-турмушунда канчалык трагедиялуу экени акындын «Балам жок», «Ак куржун толо ыр калды» деген ырларынан да даана көрүнөт. «Балам жок» деген ыр - бул адамдын тукуму, эртеңкиси жөнүндөгү акындын медитациясы, арман күүсү. Акын ар бир адамдын турмушунда баласыз, тукумсуз өмүр уланбасын жакшы түшүнөт, ошондуктан ал өзүнүн ушундай абалын тели-теңтуштарынан кем катарында сезет, өзүн «капталга бүткөн тал» деп, «капыстан жаралган жан» деп билет, бирок ошондой кайгылуу абалда болсо да, ал келечектен үмүт үзбөйт. Акындын арман күүсү оптимисттик жоош менен бүтөт, анткени өзүнүн жеке турмушунда не бир адилетсиздикти баштан өткөрүп,тагдырдын оор соккуларына дуушар болсо да, ал мүңкүрөп баш ийген эмес, дайыма үмүт кылган «журту» бар экенине ишенген. Ал өзүнүн өлбөстүгүн, келечегин элден көргөн. Ошондуктан акындын эн негизги арманы, жүрөк өйүгөн күйүтү бир гана элге да байланыштуу болгон, эл жашаган доорго, заманга Жеңижок эч ка-

чан кайдыгер караган эмес. Акындын арманы бала жоктуктун жекече трагедиясын элди «аңкоо кылган», «көркоо кылган» - кат билбеген замандын деңгээлине да көтөрүп чыгат. Ошентип, акындын арман ырлары өзүнүн жанрдык, формалык жагынан гана эмес, идеялык-тематикалык, социалдык-коомдук мазмуну боюнча да кескин өзгөрүүлөргө ээ болот.

Кыргыз поэзиясында өзгөчө, өз алдынча бөлүнүп турган акындардын бири-Какен Алмазбековдун поэзиясындагы эң негизги мотив - арман мотиви, өзүнүн жаралышы боюнча түздөн-түз элдик ырлар менен тамырлаш, киндиктеш. Акындын «Эненин арманы» деп аталган ыр китебиндеги программалык ырлардын бири «Эненин дастаны» деп аталат. Бул ырда Улуу Ата Мекендик согушка алты бирдей уулунан ажыраган эненин тагдыры баяндалган. Бул бекеринен «дастан» деп аталбайт. Дастанда согуш талаасында каза болгон балдарынын жоокердик милдет өтөөсүн, же болбосо патриоттук духун көрсөткөн жалган пафос менен шөкөттөлгөн бир дагы ыр сабы кездешпейт. Тескерисинче, «бүчүрү калбай кагылган», «ботодой боздогон», «молодой болгон» бир кары эненин элеси таасын көзгө элестейт. Албетте, Улуу Ата Мекендик согуш көп улуттуу совет элине эсеп жеткис кайгы-зар алып келди, ар бир үй-бүлө кимдир бирөөсүн жоготту, ошого карабастан жеңиш үчүн эчтекесин аябай, акыр аягына чейин темирдей бекем чыдамкайлыкты көрсөттү. Социалисттик реализм адабияты улуу трагедиянын ушул оптимисттик жагын бөлүп альш, бийик пафос менен чагылтып берди. Ал эми Алмазбековдун дастаны арман жанрынын «мыйзамы»» негизинде жаралган себептүү, ал ошол гана жанрдын мунөздүү касиет-сапаттарына ээ болмок. Балдарынын аман-эсендигинен биротоло түңүлгөндөн соң, эненин бир каалары, бир сурары - бир гана өмүр дагы канча турат, билбейт. Улуу Ата Мекендик согуш альп келген кайгылуу трагедиянын ушул жагын сүрөттөө бул дагы чындык, реалдуулук. Ал чындыкты, ал реалдуулукту эл аралап жүргөн азыркы замандын төкмө акыны гана айта алмак.

Жыйынтыктап айтканда, акындар поэзиясында арман ырлары сөзсүз жана туруктуу түрдө жанрдык, идеялык-тематикалык өзгөрүүлөргө, трансформацияга дуушар болгон. Өзгөрүү жана кубулуу ар бир акындын индивидуалдуу тагдырына, акындын талантына жана чыгармачылык масштабына ылайык жүрөт. Бирок бир кырдаалды чечкиндүү түрдө кесе айтууга болот: жанрдык кубулуу, трансформация канчалык терең жана күчтүү болбосун, баары бир байыркы салтуу форманын стилистикалык көрүнүштөрү сакталбай койбойт. Мына ушунун өзүнөн эле арман жанрынын байыркылык жана азыркылык касиет-сапаттары ачыкка чыгат деп эсептөөгө болот.

**Адабияттар**

1. Кыргыз адабияты [Текст]: энцикл. окуу куралы. – Бишкек: Мамл. тил ж-а энцикл. борбору, 2004 –ж. 444 б.
2. Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. II том.-Ф.:Кыргызстан, 1968-ж. 19-б/
3. Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. II том.-Ф.: Кыргызстан, 1968- ж. 197- б.
4. Осмонкул. Тандалган чыгармалар.-Ф.:Кыргызстан, 1974-ж. 348-б.

5. Томашевский Б.В. Стилистика и стихосложение.-Л., 1959- ж. С.502.
6. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 2-том. Ф., 1990.